**Кыргыз - кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**
**№ 5 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 21-январы** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.:** Үсөн уулу М.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О., Алымбекова В., Абдыкаарова Т., Каримов К. ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2021-2022-окуу жылында "Кытай таануу" (магистратура) багытын көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдыктар жөнүндөгү маселелер
2. Факультеттин китеп фондуна анализ жүргүзүү
3. Ар түрдүү маселелер.

Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. Үсөн уулу Маматаир Кыргыз-Кытай факультетинин окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен төрага. Айтикеев Т.К, Шамшиев Н.А.жана Төрөгелди кызы Азиза шартка байланыштуу келе албай калгандыктарын билдирип, Окумуштуулар Кеңешин баштоого кворум бар экендигин айтып, баштоону добушка койду.

Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Окумуштуулар Кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **2021-2022-окуу жылында "Кытай таануу" (магистратура) багытын көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдыктар жөнүндөгү маселелер.**

Факультеттин магистратура бөлүмүнүн жетекчиси, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Алымбекова В.А. 2021-2022-окуу жылында "Кытай таануу" (магистратура) багытын көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдыктар жөнүндөгү баяндама жасады. Мында көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө даярдыктарды көрүү максатында буйруктун негизинде жумушчу топ түзүлүп бекитилген. Бекитилген жумушчу топ "Кытай таануу" (магистратура) багытын көз карандысыз аккредитациядан өтүүчү агентсволорунун стандарттагы критерийлеринин негизинде иш план түзүлүп бекитилген. Бекитилген иш пландын негизинде жумушчу топ ирети менен иш алып ,бардык стандарттын критерийлерине жооп жазылгандыгын белгиледи.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. Үсөн уулу М. Факультеттин магистратура бөлүмүнүн жетекчиси, Алымбекова В.А. "Кытай таануу" (магистратура) багытын көз карандысыз аккредитациядан өтүүгө карата даярдыктардын абалы жөнүндө айтылган баяндаманы канааттандырарлык деп табылуусун добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен канааттандырарлык деп.

2. **Факультеттин китеп фондуна анализ жүргүзүү**

"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучусу Акылбек уулу Эрлан Факультеттин китеп фондуна анализ жүргүзүү боюнча баяндама жасады. Баяндамада биринчилерден болуп Факультетеги китептердин жалпы саны 11000 даана экендигин

тастыктады. Сөздүктөр -1800 даана, HSK 1100 даана, Практикалык китептер 3000-даана жана башка китептер 6100 даана. Көп топтон турган китептер (新实用汉语课本-800，大众汉语-700，博雅汉语-545。) Факультетте эң көп окулгаи китептер, (HSK, Словарь, Практикалык китептер, Тарых, Экономика, Культура, Публицистика, География, Журнал, Видеоматериал ) ж.б.у.с. Ал эми Ч.Айтматов атындагы китеп каанада 1000 китеп бар, Кыргыз,Орус тилиндеги адабияттар, Мотивациялык, Психологиялык,Жанрдагы китептер бар. Акыркы толукталуулар Кытай эксперти Рен Чжен мырза "Ч. Айтматов" 16 китеп, 10-декабрь 2022-жыл. Пазылов Тыныстан –"Карышкыр эненин кыялы" 5 китеп, Январь 2022-жыл. Акылбек уулу Эрлан- Лев Толстой "Война и Мир" 1 китеп, Январь 2022-жыл. Ушул сыяктуу ар тармактуу китептер менен толукталуулар болуда. Баяндаманын соңунда Акылбек уулу Эрлан факультеттеги китептерди студенттер тарабынан аныктап турушу керек экендигин жана китепкөй студенттер үчүн болуп жаткан "Китеп конкурсун"дагы да жандандырууну сунуштады.

Андан соң төраганын м.а. Үсөн уулу М. баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана айтылган сунуштарды жандантыруу окумуштуулар кеңеши тарабынан колдоого алынды.

3. **Ар түрдүү маселелер:**

1. Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. Үсөн уулу Маматаир болуп жаткан кышкы семестринин сессиялык график боюнча үзгүлтүккө учурабай өтүлүүсүн эскертти.
2. Ар бир предметтик мугалимдерди тайпалык журналдарды толугу менен жана убагында толтуруусун айтып өттү.
3. 2021-2022-окуу жылын күзгүгү семестри боюнча жарым жылдык отчету жана ар бир окутуучунун жеке иш планы өз убагында жазылып тапшырылышын айты.

Эки маселе боюнча тең ОКнин жалпы курамы төраганы бир добуштан толук колдошту.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2021-2022-окуу жылында "Кытай таануу" (магистратура) багытын көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдыктарды жасоо үчүн жогорку деңгелде даярдыктар аткарылсын жана окутуучулар тарабынан бекитилген жумушчу топ иш пландын негизинде даярдыктар көрүлсүн
2. Факультеттин китеп фондуна анализ жүргүзүү боюнча баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана айтылган сунуштар аткарылсын.
3. Кышкы сессия убагында окутуучулар тарабынан студенттерге карата басым жасалбасын жана акча белектер талап кылынбасын.
4. 2021-2022-окуу жылын күзгүгү семестри боюнча жарым жылдык отчету жана ар бир окутуучунун жеке иш планы өз убагында жазып тапшырылсын.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.: Үсөн уулу М.**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: Таштанова М.М.**